
# Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

Бекитемин: мект. - Сулайманова Ч. М.

# Математикалык турнир

## 2-"Б" класс



## Мугалим: Асангазиева А.

Сканировано с CamScanner

# Математикалык турнир

Сабактын максаты:

1. Балдардын математикага болгон кызыгуусу артылат.

2. математикалык жөндөмдөрү өнүгөт жана функционалдык сабатуулугу калыптандырылат.

3. математиканы турмушта колдоно билүүгө үйрөнүшөт.

Сабактын жабдылышы:

Проектор ,сүрөттөр,карточкалар,геометриялык фигуралар.

Сабактын жүрүшү:

- Саламдашуу;

- Классты сабакка даярдоо;

- Сабактын максатын түшүндүрүү: Бүгүнкү математикалык турнир аркылуу окуучулардын математикага болгон кызыгуусу артылат.

Турнирдин ачылышы .

-Кана балдар.биз 1-класстан бери математика сабагын өтүп жатабыз.

-Бүгүн алган билимдерибизди ата- энелер менен бирдикте баалайбыз.

Калыстар тобу менен таанышуу .

Калыстар тобу : туура жоопко 2 упай .канаттандыраарлык жоопко 1 упай берилет.

Алып баруучу тапшырмалар менен тааныштырат.

1- тапшырма : команданын атын айтышат.

1- команда .Ондуктар – Биз он ондон санап бат эле жеңишке жетебиз.

2-команда. Бирдиктер – Бирдиктер болмоюнча ондуктар куралбайт.

Бирдиктерден бүт сандар куралат.

Ушуну менен бирдикте : команданын ырлары айтылат.

Ондуктар.

Эң бир терең керемет бар илим кайсы ?

Жер жүзүндө бааланбайт анын баркы

Предметтер талабын багындырган

Математика илимдердин падышасы.

Бирдиктер.

Чыгармачыл эмгекте да ,оор кырдаалда

Сканировано с CamScanner


Математика – биздин башкы таяныч
Ошондуктан бүгүн биз
Сага алкыш айтабыз.
Окуучулар айтышат.
Математика эскертет.
Адамдын канча өмүр сүргөнүн
Ааламда канча күндүн өткөнүн
Жер бети нечендерди эскертет
Кылымда канча жылдын жүргөнүн
Математика жардам берет.
Дыйкандын түшүмү мол болгондо
Айдоочу милициясы жана дагы
Соодагер калп айтпастан так болгондо
Математика үйрөтөт
Жашоодо так болушту
Турмушта сак болушту

Өмүр өтүп бараткaнын
Кеч кирип таң атканын
Баарлашып келишкенди
Соодалап чечишкенди .


Математика турмуш менен бир кандаш
Үйрөнгөнүн жашоо менен тең тайлаш
Акынл эсти жай – жайына топтогон
Эсеп чыгар аны менен бел байлаш.

2 – тапшырма .

Сканировано с CamScanner



3-тапшырма




**4-тапшырма**

Полго сандар чачылат. Балдар жуп жана так сандарды басышат.

2,4,6,8,10,12,14,16,18,20

Сканировано с CamScanner

1,3,5,7,9,11,13,15,17,19,21

**5-тапшырма.**

1. Короодо бир нече каздар жүргөн. Алардын буттары 22 болчу. Аларга 3 өрдөк жана 4 улак кошулду. Короодо бардыгы канча бут басып жүрөт?


2. Апам 25 жашта болгондо, мен 6 болчумун. Азыр апам 50 жашта болсо, мен канча жашта болом?

**6-тапшырма**


Жерге чен бирдиктери берилет. Бир команда чыгып узундук бирдиктерин басышат. Экинчи команда чыгып убакыт бирдиктерин басышат.

7- тапшырма

Эки командага кесилген математикалык фигуралар берилет. Бул фигуралардан кандайдыр бир жаныбардын сүрөтүн жасаш керек.



8-тапшырма.




Бул тапшырмада мисалы : 72 санына туюнтмаларды жазышат.

50+22=72

Сканировано с CamScanner

8*9=72

6*6=36

20+16=36

9*7=63

70-7=63

Турнирдин аякташы: калыстар тобу тарабынан берилген упайларды санап жеңген командага грамоталар берилет.

Сканировано с CamScanner